УДК 37.026

# ЗАДАЧИ ИНТЕРАКТИВНОГО ОБУЧЕНИЯ И ЕГО УСВОЕНИЯ

*А.К. Эмильбекова*

Со временем меняются содержание и методика теоретических наук и развиваются научные познавательно-образовательные методы. Набирают обороты вариативные принципы системы образования на основе личностно-направленных концепций, создаются возможности для модернизации педагогических закономерностей и составление авторских учебных планов и программ. В результате новые идеи, решения и достижения педагогических технологий претворили в жизнь возможности практического опытного инновационного обучения и других учебно-воспитательных процессов. Такие изменения на всех ступенях образовательного процесса показывают производительную эффективность обучения и являются объектом исследования ученых. Новейшие инновационные технологии обучения, соответствующие современным требованиям, оптимизировали и обновили направление и содержание обучающих технологий через раскрытие творческих и интеллектуальных возможностей учащихся, преследуя цель саморазвития, расширения сознания, воспитания и формирования способностей. Поэтому стратегии обучающей технологии являются инструментом достижения цели на соответствующем этапе.

*Ключевые слова:* инновация; инновационные процессы; интерактивность; педагогические технологии; основы теории и дидактики; развитие; воспитание.

# ОКУТУУДАГЫ ИНТЕРАКТИВДҮҮЛҮК ЖАНА АНЫ ӨЗДӨШТҮРҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ

*А.К. Эмильбекова*

Мезгил өткөн сайын методикалык-теориялык илимдердин мазмуну өзгөрүп, илимий таанып-билүүнүн методдору өркүндөдү. Инсанга багыттап окутуу концепциясынын негизинде билим берүү системаларында вариативдүүлүк принциби күч алып, педагогикалык закон-ченемдерди модернизациялоого жана автордук окуу пландарын, программаларын түзүүгө мүмкүнчүлүк берди. Натыйжада педагогикалык технологиялардын жаңы идеяларын, табылгаларын жана жетишкендиктерин инновациялык окутууну ж.б. окуу-тарбия процесстеринде тажрыйбалоо мүмкүнчүлүктөрү турмушка ашырылды. Мындай өзгөрүүлөр билим берүүнүн бардык баскычтарында окутуунун өндүрүштүк эффективдүүлүгүн көрсөтүү менен окумуштуулардын изилдөө объектисин түзүүдө. Учурдун талабына жооп берген окутуунун жаңы инновациялык технологиялары окуучулардын чыгармачыл жана интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүн ачуу аркылуу аларды өзүн-өзү өнүктүрүү, ой жүгүртүүсүн өстүрүү, тарбиялоо, жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу максаттарын көздөп, окутуу технологиясынын мазмунун жана багыттарын бир топ оптималдаштырып жаңыртты. Ошондуктан, окутуунун технологиялык стратегияларынын ар бири тийиштүү даражадагы максаттарга жетишүүнүн куралы болуп саналат.

*Түйүндүү сөздөр:* инновация; инновациялык процесстер; интерактивдүүлүк; педагогикалык технологиялар; жаңы идеялар; теориялык-дидактикалык негиздер; конкреттүү кырдаал; жеке ой жүгүртүү;, өз алдынча тыянак чыгаруу; коомдун талаптары; өркүндөтүү; тарбиялоо.

# OBJECTIVES OF INTERACTIVE LEARNING AND HIS LEARNING.

*A.K. Emilbekova*

Over time, the content and methodology of the theoretical sciences change and scientific cognitive-educational methods develop. Variable principles of the education system are gaining momentum on the basis of personality-oriented concepts, opportunities are being created for the modernization of pedagogical regularities and the compilation of author’s curricula and programs. As a result, new ideas, solutions and achievements of pedagogical technologies have implemented the possibilities of practical, experienced, innovative training and other educational processes. Such changes at all levels of the educational process show the productive efficiency of learning and are the object of research by scientists. The latest innovative learning technologies that meet modern requirements have optimized and updated the direction and content of learning technologies through the disclosure of creative and intellectual abilities of students, with the goal of self-development, expansion of consciousness, education and the formation of abilities. Therefore, learning technology strategies are a tool to achieve the goal at the appropriate stage.

*Keywords:* innovation; innovative processes; interactivity; pedagogical technologies; basics of theory and didactics; personal opinion; independent decision; public requirement; development; education.

XX кылымдын башында илимде жаңы бир аймак түзүлдү, ал материалдык өндүрүштүн сферасында жаңычылыктын мыйзам ченемдүүлүктөрүн үйрөнүүнүн алкагындагы жаңы нерселерди киргизүү илими болуп саналат. Педагогикалык инновациялык процесстер Батыштагы чет өлкөлөрдө 1950-жылдын акырында, ал эми Орусияда акыркы он жылдыкта атайын изилдөөнүн предметине айланды. Кыргызстанда инновация боюнча макалалар 1990-жылы гана жарыялана баштады. «Инновация» түшүнүгү латын тилинен которгондо «жаңыны киргизүү» дегенди билдирет. Бул илимий адабиятта кээ бир процессти жүргүзүүнүн жаңыча жолу катары түшүндүрүлөт. Ошондуктан, инновация аркылуу кайсы бир системада бир сапаттык абалдан экинчи бир сапаттык абалга өтүү процесси жүрөт десе тура болот. Демек «инновациялык» процесс деген жаңычылдыкты жаратуучу, түзүүчү (иштеп чыгуучу), өздөштүрүүчү, колдонуучу жана жайылтуучу комплекстүү ишкер аракеттенүүнү өзүнө камтыйт. Мына ушул санап өткөн бардык аракеттенүүлөр окуу процессине киргизилгенде гана ал инновациялык окутууга жатат. Эгер ушул жаңыча иш аракеттер тарбиялык ишке, өстүрүүгө, же башкарууга байланыштуу болсо, анда ал инновациялык тарбиялоо, өстүрүү же башкаруу деп аталат.

Андыктан бүгүнкү күндөгү **педагогика илиминин инновациялык процесстеринин** өсүп-өнүгүү багыттарын белгилөөдө, окуучуларды келечекке карай жетелөөдө ушундай баалуулуктарды изилдеп, табуунун негизинде окуучуларды тарбиялоо зор мааниге ээ. Инновациялык окутуу ишин жаш инсанга багыттап, билим берүүнүн мүнөзүн, табиятын, маани-маңызын теориялык-дидактикалык негиздерин толук кабылдап, алардын негизинде салттуу окутуу процессине толуктоолорду, өзгөртүүлөрдү киргизүү учурдун талабы экендиги талашсыз. Мажбурлоонун ордуна окуучу билим алууга өзү кызыгып, жигердүүлүгү артып, окутуу иши анын практикалык муктаждыктарына түздөн түз жооп берип, эң негизгиси, билим берүү баланы келечекте коомдун татыктуу адамы, толук кандуу тарбиялуу инсан катары калыптандыруу, **илимий изилдөөнүн негизги педагогикалык объектисин түздү.**

Бул багыттагы алгачкы саамалык аракеттер совет доорунун улуу инсандарынын бири белгилүү педагог В.А. Сухомлинскийдин, андан берки Ш.А. Амоношвилинин, С.Н. Лысенкованын, Е.Н. Ильиндин ж.б. иш-тажрыйбаларында жүзөгө ашырылып, окумуштуу-методисттер тарабынан өнүктүрүлүп, жыйынтыгында инновациялык окутуу, интерактивдүү окутуу, интерактивдүүлүк, инсанга багыттап окутуу концепциялары иштелип чыгып, бүгүнкү күндө билим берүүнүн эң бир актуалдуу стратегияларынын бирине айланып отурат [1; 4 бет].

Окутуунун жаңычыл ыкмалары жөнүндө кыргыз тилинин окуу методдорун изилдөөчү окумуштуу п.и.д. профессор Ж. Чыманов өз пикирин мындайча билдирет: Жалпы эле педагогикада, анын ичинде, предметтик методика илиминде “окутуунун активдүү методдору жана формалары” деген проблема курч коюлуп, аны аныктоонун, иштеп чыгуунун үстүндө активдүү аракеттер жасалууда. Методикада аталган түшүнүк менен катар эле “интерактивдүү окутуу”, “интерактивдүү методдор”, “инновациялык окутуу”, “инновациялык технология”, “окутуунун жаңы методдору”, “окутуунун азыркы технологиясы” сыяктуу термин-түшүнүктөр кеңири колдонула баштады. Кандай аталышта берилбесин, алардын бардыгы дидактикалык бир түшүнүктү, багытты белгилеп, окутуунун салттуу методдоруна айрым учурларда карама-каршы коюлса, кээде аларды танууга багытталса, айрым иликтөөлөрдө салттуу методдорго атаандаш (альтернативдүү) катары түшүндүрүлөт. Биз окутуунун активдүү методдорун окутуунун салттуу методдоруна атаандаш катары мамиле жасоону кубаттайбыз. Мындай пикирди далилдөө үчүн аталган термин – түшүнүктөрдүн дидактикалык табиятын аныктап алуу зарыл [2; 437 бет].

Жогоруда белгиленип кеткендей методика илиминде жана окутуу процессинде “инновациялык окутуу”, “инновациялык технология” а түгүл “инновациялык методдор” деген термин – түшүнүктөр кеңири колдонулат. Көпчүлүк учурда бул түшүнүктү сырттан даяр түрүндө келген же келүүчү өзгөчө метод, көрсөтмө катары кабыл алуулар байкалат. Бул терминдерди жана алар койгон талаптардын дидактикалык табият-мүнөздөмөсүн чечмелеп көрөлү.

**“Инновация”** – эки сөздөн турган, латын тилинен кирген термин. Термин катары бул сөздүн колдонуу чөйрөсү өтө кеңири, билим берүүдө гана эмес, өндүрүштө, илимде, башкарууда ж.б. бүгүнкү күндө активдүү колдонулат. Сөздүн биринчи бөлүгү – **ин: “ичинен”, “өзүнөн”,** деген маанини, ал эми экинчи бөлүгү – **новация: “жаңылануу”, “өзгөрүү”** түшүнүгүн туюндурат. Демек, негизги лексикалык мааниси – өзүнөн (ичинен) өзгөрүү (жаңылануу). Билим берүүдөгү инновация – бул окутуунун максатын, мазмунун өзгөртүп жаңылоо менен окутуу процессине жаңыча мамиле жасап, окутуунун методдорун, формаларын жана каражаттарын кайра карап чыгуу [2; 438].

Инновациянын дидактикалык мүнөздөмөсүн толугураак ачуу максатында **салттуу мамилелер** менен **инновациялык мамилелердин** билим берүүдөгү **максаттарын** кыскача салыштырып

көрөлү. **Мисалы: Салттуу мамилелер** 1. **Билим берүүнүн максаты:** Белгилүү бир предмет боюнча билимдердин жыйындысын берүү жана ал боюнча окуучуларда билгичтик көндүмдөрдү калыптандыруу. **Инновациялык мамилелер**: 1. **Билим берүүнү максаты**: Белгилүү бир предмет боюнча окуучулардын жеке түшүнүктөрүн жаратуу жана аны өз турмушунда социалдык талаптарга ылайык пайдаланууга көнүктүрүү. Жогорудагы мисалдар далилдеп тургандай **инновация** окутуунун өзөгү, берилүүчү билимдердин жыйындысы эмес, **окуучунун жеке ой жүгүртүүсүнө, конкреттүү кырдаал, маселе боюнча өз алдынча тыянак чыгаруусуна багытталган, коомдун суроо-талаптарына негизделген** билим берүү процессин уюштуруунун багыты, негизи катары кабыл алынат.

Окутууга инновациялык мамиле кылуу окутуунун салттуу системасын, методдорун, формаларын жана каражаттарын танбайт, жокко чыгарбайт. Аларга өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү менен окуучунун көндүмдөрүн (кийинки убакта **“көндүм”** түшүнүгү **“баалуулук”** деп атала баштады. Бул билим берүүнүн негизги, түпкү максаты окуучу окуп бүткөндөн кийин белгилүү бир баалуулукка ээ болуусу керек деген мааниде) калыптандырып, өркүндөтүүгө багытталышын талап кылат.

Окуучунун белгилүү бир баалуулуктарга ээ болуусу бүгүнкү жаңыланууга болгон көз караштан алганда, **интерактивдүүлүк – бул окуучунун инсандык жөндөм-шыгына, суроо-талаптарына негизделип, билим берүүнүн жемиштүүлүгүн арттырууда, өркүндөтүүгө жана жаңыланууга (инновациялоого) багыттап окутууга болгон мамиле, дидактикалык иш-аракеттердин өзүнчө бир системасы.**

Интерактивдүүлүк термини латын тилиндеги **интер (inter) – аралыгы, ортосу**, **актив (activus)** – **аракеттүүлүк, жигердүүлүк** дегенди түшүндүрөт. Демек, мында кеп эки ортодогу окуучу менен окуучунун, мугалим менен окуучунун ортосундагы аракеттүүлүк, жигердүүлүк, өз ара жандуу интеллектуалдык аракеттенишүүлөрү туурасында жүрүп жатат. **Окутуудагы интерактивдүүлүк –** бул сабак процессинде окуучулардын өз ара жана мугалим менен дайыма пикир алышууда болуусу, биргелешкен, демилгелүү иш-аракеттери, жыйынтыгында иреттүү белгилүү бир тыянак- корутундулардын келип чыгышы. Дагы да тактап айтсак, окутуудагы интерактивдүүлүктү класстагы субъекттердин ортосунда үзгүлтүксүз жүрүп туруучу демилгелүү алака-катыш, педагогикалык процесстин тездик менен активдешүүсү катары түшүнгөнүбүз туура болот [1; 4–5 бет].

Алып карасак, Россиянын билим берүү тармагындагы интерактивдүү окутуунун аналогу катары таанылган кызматташуу педагогикасы бүгүнкүнүн педагогикалык технологиялары сыяктуу эле окутуунун бүтүндөй бир концепциясы мисал кабылданат. Андыктан интерактивдүү окутууга өз алдынча метод катары эмес, **азыркы учурдун окутуу процессиндеги мезгил талабына ылайык инновациялануунун** баштан кечирген усулдарынын башкы, аныктоочу өзгөчөлүгү катары караганыбыз ылайык. Окутуудагы интерактивдүүлүк өз ичине ар кандай дидактикалык интерактивдүү оюндарды, өз демилгелүү, аракетчил инсанды калыптандырууга багытталган ич ара гумандуу мамилени да камтыйт. Интерактивдүү оюндар, окутуудагы интерактивдүүлүктүн (гумандуу, инсанга багытталган педагогиканын) негизги принциптери салттуу окутууда да колдонуп, мында алар сабакты маңыздуу, ич ара интенсивдүү кызматташуунун маанилүү каражаты катары милдет аткарышат [1; 5 бет].

Интерактивдүү окутуу эки функцияны аткарат: Биринчи, салттуу окутуу процессиндей эле, сабакта коюлган максат-милдетти ишке ашыруу (чечүү); экинчиси, коюлган максатка биргелешкен аракетте, бири-бирин колдоо, жардамдашуу аркылуу жетишүү. Демек, **окутуунун инновациялык талаптарына ылайык интерактивдүүлүк даяр билимдерди берүүнү (алууну) эмес, изденүү, биргелешкен иш-аракет аркылуу берилген билим боюнча белгилүү бир жекече тыянак чыгарып, жекече көндүмдүн иштелип чыгышын камсыз кылуучу, алдын ала пландаштырылган максаттуу дидактикалык аракеттердин жыйындысы деген түшүнүк келип чыгат** [2; 440 б].

Эми кыргыз тили сабагында интерактивдүүлүктү түзүү, биргелешкен иш аракеттерди ишке ашыруу жагдайларын карап көрөлү. Салттуу калыптанып калган сабактардан айрым жактары боюнча өзгөчөлөнүп турат. Айрымдарын аныктоого аракет кылалы:

**I. Уюштуруунун шарттары:**

- окуучулар кабинетте бири-бири менен бетмебет отуруп, сүйлөшүүгө, пикир алышууга шарт болушу;
- класстагы (группа, топ ж.б.) окуучулардын жалпы саны он бештен ашпашы ( бул шартка кошумча түрдө окуучулардын билим деңгээли, жөндөм-шыгы (тың, орточо, начар) боюнча бөлүштүрүү талабы да бар);
- маселелердин, суроолордун стандарттуу эмес коюлушу ж.б.

**II. Сабакта өкүм сүргөн негизги эреже ( тартип):**

- ар бир окуучунун пикири аягына чейин толук угулат;
- айтылган ар бир пикир так, кыска, темага (суроого) байланыштуу болот;

- эгерде айтылган пикир так болсо, ал суроо-жооп, талкуу менен такталат;
- пикир, көз караштар, идеялар сындалат, талкууланат, инсандын (окуучунун өзү сындалбайт, айыпталбайт ж.б.

**III. Интерактивдүүлүк шартында мугалимдин да, окуучунун да төмөнкү касиет-сапаттары болушу зарыл:**

- сабырдуулук (толеранттуулук);
- көтөрүмдүүлүк;
- түшүнүктүүлүк;
- достук;
- сылыктык;
- сыйлагандык
- теңдик .

**IV. Сабактын жүрүү мүнөздөмөсү (өзгөчөлүктөрү):**

- сабак интеллектуалдык-эмоционалдык көтөрүңкү маанайда болуп, окуучулардын чыгармачылыгына, ой жүгүртүүсүнө, жыйынтыктоосуна негизделет;
- кызматташтык, биримдикте иштөө, жардамдашуу, колдоо, кубаттоо, толуктоо аракеттери активдүү колдонулат;
- окуучулардын өз алдынча жана биргелешип иштөөлөрү үчүн бардык шарттар, каражаттар жана методдор колдонулат;
- мугалим багыт берет, конкреттүү кырдаалдарды түзөт, суроолорду (маселени ) коёт, маселенин (суроонун) чечилишине жагдай-шарт, өбөлгө түзөт;
- мугалимдин сүйлөөсү, суроолору маанилик-мазмундук жактан алдын ала ойлонулган, максаттуу болот;
- мамилелердин этикасы, эстетикалык жагы сакталат;
- сабактан мугалим да, окуучу да белгилүү бир канагаттанууну алып, берилген билим боюнча жеке пикир биротоло калыптанат ж.б.

Эгерде берилген бул мүнөздөмөлөргө тереңирээк карап, окутуунун салттуу ык-жолдору менен салыштырып көрсөк, анын айрым элементтери же бүтүндөй бөлүктөрү сабак берүүнүн салттуу методдорунда деле колдонуп келгендигин, тек гана алардын теориялык-дидактикалык негиздерин толук кабылдап, **салттуу окутуу процессинде олуттуу толуктоолорду, өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл экендиги көрүнөт. Ушундан улам окутуунун салттуу методдорун толугу менен тануу, жерүү, аларды практикадан колдонуудан биротоло баш тартуу тууралуу айтылып жүргөн пикирлер алгылыксыз** [2; 442 б.].

Демек, интерактивдүү методдор менен сабак өтүүдө мугалим басымдуу насаатчы, багыт берүүчү катары иш алып барат. Мында ал окуучулардын өз тажрыйбаларына таянып, маалымат топтоолоруна, өз алдынча жаңы көйгөйлүү маселелерди билүүлөрүнө көңүл бурат. Окуучулар тапшырманы түшүнбөй же темадан четтеп кетсе, аларга багыт берип, билимге жана көндүмдөргө ээ болууларына өбөлгө түзөт.

Мына ушундай учурдун талабына жооп берген педагогикалык интерактивдүү, инновациялык ыкмаларды активдүү колдонуу илимий изилдөөмдүн жаңылыгын өстүрүүгө өбөлгө түзөрү анык. Аларга окутуунун жаңы технологиялары, окуучулардын чыгармачыл жана интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүн ачуу аркылуу өзүн-өзү өнүктүрүү, ой жүгүртүүсүн өстүрүү, тарбиялоо, жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу максаттарын көздөп, окутуунун ыкмаларынын мазмунун жана багыттарын жаңыртат. Бул изилдөө Ж.Баласагындын “Куттуу билим” дастанынын негизинде интерактивдүү усул-каражаттарды, ыкмаларды колдонуу менен кыргыз тили, адабият сабагын өтүүдө төмөндөгүлөрдүн аткарылышы изилдөөнүн жаңылыгын өстүрүүгө өбөлгө түзөрү анык.

1. Сабак өтүүгө даярдык жана анын кадамдары:

- Мурдагы сабактарда өтүлгөн материалдардын негизинде тапшырмалар тизмегин түзүү;
- Ал тапшырмалардын класстагы окуучуларга көбүрөөк ылайыктууларын тандап алуу;
- Окуучуларга оордук келтирүүчү тапшырмалардагы талкуулана турган концепцияларды аныктоо;

**2. Окуучуларды топторго бөлүү.** Тизме, өз каалоолору боюнча, же чүчү кулак кармоо ж.б. жолдор менен.

**3. Окуучуларга көрсөтмө берүү.** Иштөө тартибин, иретин белгилеп, тапшырманын максатын түшүндүрүү.

**4. Окуучулардын тапшырманын үстүндө иштөөсү**.

**5. Чакан топтордун ишин көзөмөлдөө**. Мында ар бир окуучунун, анын ичинен сүйлөп көнбөгөн окуучулардын да өз пикирин айтуу укугу сакталуусу керек.

**6. Чакан топтордогу талкууну бүтүрүү**. Аткарылган тапшырмаларга карата талкуу убагында бүткөрүлгөндүгү ылайык. Жагдайга жараша кошумча убакыт берилиши мүмкүн.

**7. Жыйынтыктоо – презентациялоо**. Ар бир топтон окуучулар чыгып, өз ойлорун, келип токтогон жыйынтыктарын айтып беришет. Мугалим кез кези менен аларга жигердүүлүктү арттыруучу суроолорду берет. Аткарылган тапшырмалардын жооптору ар кандай болушу ыктымал. Алынган жоопторду окуучулар менен бирдикте күндөлүк турмушка байланыштырууну мугалим унутпашы керек.

Баалоо көбүнчөсү алынган жооптордон так ушул жандуу, реалдуу турмушка байланыштуу болуусу.

Сабактын мына ушундай уюштурулуш тартибин, мисалы, Ж. Баласагындын “Куттуу билим” дастанындагы көркөм образдарды, анын композициялык курулушун же чыгарманы өзүн жалпы талдоо учурунда колдонсо болот. Бул максатта “Куттуу билим” дастанынын чагылдырган доору, идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгү, чыгарманын негизги өзөгүн түзгөн каармандар Кунтуудунун, Айтолдунун, Акдилмиштин, Өткүрмүштүн образдары же болбосо мугалимдин тандоосуна ылайык дастандагы кайсы бир өзөктүү эпизод тандалып алынат. Ар бир окуучу оюндагысын айтат. Окуучулардын келип токтогон жыйынтыгы туура да, туура эмес да болушу мүмкүн. Класстагы окуучулардын баары сүйлөп бүткөндөн кийин, көтөрүлгөн маселе боюнча бирден бир туура ой-корутундуну мугалим жалпылоо иретинде ортого салып, жекече көз карашын сабырдуулук менен түшүндүргөнү ылайык. Мугалимдин мындай кадамы, сөзсүз, тарбиялык максатты көздөйт. Ал эми тарбия берүүнүн башкы максаты окуучуну гумандуу, калыс, адептүү, кайрымдуу, адилеттүү, чыдамдуу, чындык үчүн бекем турган, кайраттуу, намыстуу, эрктүү, жаш инсанды калыптандыруу менен ишке ашат. Адамдагы мындай асыл сапаттар азыркы сабакта талкууланып жаткан Ж.Баласагындын “Куттуу билим” дастанынын каармандары.

Демек, окутуудагы интерактивдүүлүк – бул сабак процессинде окуучулардын өз ара жана мугалим менен дайыма пикир алышууда болуусу, биргелешкен демилгелүү иш-аракеттери, жыйынтыгында белгилүү бир тыянак-корутундуларга келиши. Ошондуктан, окутуунун инновациялык стратегиялардын ар бири тийиштүү даражадагы айкын максаттарга жетишүүнүн куралы болуп саналат.

***Колдонулган адабияттар***


1. *Оторбаев Б.* Мектепте адабиятты интерактивдүү окутуу / Б. Оторбаев. Бишкек, 2010.
2. *Чыманов Ж.* Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы / Ж. Чыманов. Бишкек, 2009.
3. *Тагаева З.* Кыргыз тили сабактарында байланыштуу кепти окутуу / З. Тагаева. Ош., 2008.
4. *Мамбетакунов Э.* Педагогиканын негиздери / Э. Мамбетакунов, Т. Сияев. Бишкек, 2008.
5. *Баласагын Ж.* Куттуу билим / Ж. Баласагын. М., 1993.